4. Нестеренко, Г. И. Интегрированные занятия и межпредметные связи как фактор роста качества преподавания / Г. И. Нестеренко, Г. Н. Сулейменова // Вестник Западно-Казахстанского университета им. М. Утемисова. – 2022. – Т. 88. – № 4. – С. 134–140.
5. Балашов, А. М. Использование интеграции знаний (интегрированных занятий) и межпредметных связей в ходе преподавания физики и технических дисциплин / А. М. Балашов // Управление образованием: теория и практика. – 2023. – Т. 13. – № 1. – С. 35–42. – DOI: 10.25726/s9190-0671-4571-x.
6. Багова, Л. Л. Межпредметная интеграция в образовательном процессе и ее проблемы на этапах становления педагогической науки / Л. Л. Багова // Вестник Майкопского государственного технологического университета. – 2014. – № 1. – С. 57–61.
7. Абдувалиев, И. А. Кыргыз тилинин морфологиясы / И. А. Абдувалиев. – Бишкек, 2008. – 284 б.

Рецензент: педагогика илимдеринин доктору, профессор Чыманов Ж.А.

УДК 81-13
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-293-300

Хулхачиева–Байтерекова Ж.С., Бобкова А.А.
Москва мамлекеттик лингвистикалык университети
Хулхачиева–Байтерекова Ж.С., Бобкова А.А.
Московский государственный лингвистический университет
Khulkhachieva–Baiterekova Zh.S., Bobkova A.A.
Moscow State Linguistic University

МОСКВА МАМЛЕКЕТТИК ЛИНГВИСТИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИНИН КЫРГЫЗ ТИЛИН ЧЕТ ТИЛИ КАТАРЫНДА ОКУТУУ ТАЖРЫЙБАСЫ
ОПЫТ ПРЕПОДАВАНИЯ КЫРГЫЗСКОГО ЯЗЫКА КАК ИНОСТРАННОГО В МОСКОВСКОМ ГОСУДАРСТВЕННОМ ЛИНГВИСТИЧЕСКОМ УНИВЕРСИТЕТЕ
EXPERIENCE OF TEACHING KYRGYZ AS A FOREIGN LANGUAGE AT MOSCOW STATE LINGUISTIC UNIVERSITY

Кыскача мүнөздөмө: Макалада Москва мамлекеттик лингвистикалык университетинде (ММЛУ) Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештиги (КМШ) жана жакынкы чет өлкөлөрдүн тилдерин, алардын катарында кыргыз тилин окутуунун методологиялык, дидактикалык жана маданий аспектилери талдоого алынат. Изилдөөнүн борборунда кыргыз тилин чет тили катары окутуу иш-аракети турат. Тил үйрөнүү процесси студенттин жеке чыгармачыл дареметин ачуу, анын когнитивдүү кызыкчылыктарын, максаттарын жана жашоо-баалуулуктарын эске алган комплекстүү билим берүү катары каралат. Макалада бул милдеттерди чечүү үчүн негизги стратегия болуп саналган «инсандык-ишмердүүлүк ыкмасынын» колдонулушу, анын ырааттуулугу жана натыйжалуулугу иликтелет. Ошондой эле ММЛУда кыргыз тили боюнча иштелип чыккан окуу программалары жана дидактикалык материалдар туурасында сөз болот.

Аннотация: В статье анализируются методологические, дидактические и культурологические аспекты преподавания языков стран Содружества Независимых Государств (СНГ) и ближнего зарубежья, в частности кыргызского языка, в Московском государственном лингвистическом университете (МГЛУ). Центральное место в исследовании занимает практика преподавания кыргызского языка как иностранного. Процесс изучения языка рассматривается как комплексное образование, нацеленное на раскрытие творческого потенциала студента, с учетом его познавательных интересов, целей и жизненных ценностей. В статье исследуются применение, последовательность и

эффективность «личностно-деятельностного подхода», выступающего ключевой стратегией для решения этих задач. Кроме того, рассматриваются разработанные в МГЛУ учебные программы и дидактические материалы по кыргызскому языку.

Abstract: This article analyzes the methodological, didactic, and cultural aspects of teaching languages of the Commonwealth of Independent States (CIS) and neighboring countries, particularly the Kyrgyz language, at Moscow State Linguistic University (MSLU). The study focuses on the practice of teaching Kyrgyz as a foreign language. Language learning is viewed as a comprehensive process aimed at unlocking students' creative potential, taking into account their cognitive interests, goals, and values. The article examines the application, consistency, and effectiveness of the "personal-activity approach", which serves as a key strategy for addressing these challenges. Additionally, the curriculum and teaching materials for the Kyrgyz language developed at MSLU are examined.

Негизги сөздөр: КМШ тилдери; кыргыз тили; инсандык-ишмердүүлүк мамиле; окуу программалары; дидактикалык материалдар.

Ключевые слова: языки стран СНГ; кыргызский язык; личностно-деятельностный подход; учебные программы; дидактические материалы.

Keywords: CIS languages; Kyrgyz language; personal-activity approach; curriculum; teaching materials.

Киришүү. Бүгүнкү күндө Россияда, анын ичинде алдыңкы жогорку окуу жайларында, Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештиги (КМШ) жана жакынкы чет өлкөлөрдүн тилдерин, анын катарында кыргыз тилин, чет тили катары окутуу практикасы активдүү өнүгүүдө. Бул процесстин кеңири жайылуусу заманбап реалдуулукка негизделген бир катар объективдүү факторлор менен шартталган.

Негизги себептердин бири – постсоветтик мейкиндикте интеграциялык процесстердин тереңдеши жана өз ара мамилелердин жаңы формаларынын пайда болушу. Саясат, экономика, маданий жана гуманитардык алакалардын күчөшү эл аралык диалог үчүн тилдик тосмолорду жеңүүнү, анын ичинде башка элдердин тилдерин үйрөнүүнү талап кылат. Кыргыз тилине болгон кызыгуунун өсүшү – бул Кыргызстан менен Россия ортосундагы тыгыз байланыштардын, миграциялык агымдардын, соода-экономикалык шериктештиктин жана маданий алмашуунун логикалык натыйжасы. Тил бул жерде жөнөкөй коммуникация куралы гана эмес, маданиятты түшүнүүнүн, өз ара ишенич жана өнөктөштүк түзүүнүн негизги ачкычы катары чыгат.

Ошентип, кыргыз тилин чет тили катары окутуу процессин илимий-методикалык деңгээлде тереңдетип талдоо зарылчылыгы келип чыгууда. Бул жерде өзгөчө маанилүүдөй көрүнгөн нерсе – бул процессти «инсандык-ишмердүүлүк ыкмасынын» контекстинде кароо. Бул ыкма тил үйрөнүүчүлөрдү жалпы кабыл алуучу гана эмес, өз билим алуу жолунун активдүү субъектиси катары карап, алардын жеке муктаждыктарына, мотивациясына жана когнитивдүү мүмкүнчүлүктөрүнө ылайыктуу индивидуалдаштырылган окутууну уюштурууну билдирет. Кыргыз тилин окутууда бул ыкманы колдонуу:

– маданий-тарыхый контекстти интеграциялоону талап кылат, анткени тилди маданияттан бөлүп кароого мүмкүн эмес;

– коммуникативдүү максаттарды алдыга коёт, башкача айтканда, практикалык сүйлөө, түшүнүү жана окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталат;

– окутууну түрдүүлөштүрүүнү көздөйт, б.а. ар түрдүү окуу материалдарын (аутентиктүү тексттер, аудио-видео материалдар) жана формалдуу эмес формаларды (долбоорлор, талкуулар, кейстер ж.б.) колдонууну камтыйт.

Кыскасы, кыргыз тилине болгон суроо-талаптын өсүшү – бул ааламдашуу доорундагы аймактык өз ара аракеттешүүнүн объективдүү чагылышы. Ал эми бул суроо-талапты натыйжалуу канааттандыруу тилди жөнөкөй лексика-грамматикалык система катары эмес, тирүү маданий-тарыхый

феномен, ал эми студентти – аны иштеп чыгуучу активдүү инсан катары кароону талап кылат. Инсандык-ишмердүүлүк ыкмасы ушул татаал маселеге жооп берүүнүн заманбап жана натыйжалуу ачкычы болуп саналат.

Маалым болгондой, бул ыкманын теориялык негизи белгилүү психологдор С. Л. Рубинштейндин (1973) жана А. Н. Леонтьевдин (1983) илимий мурастарында түптөлгөн. Анда инсан аракеттин негизги субъектиси катары каралып, ал өзүнүн иш-аракети жана социалдык баарлашуу процессинде калыптанат жана ошол эле учурда бул процесстердин мүнөзүн шарттайт.

С. Л. Рубинштейн мындай дейт: «Адамдын психикалык образында инсандын ар кандай сапаттарын чагылдырган көптөгөн айырмалуу өзгөчөлүктөр бар. Бирок, бул ар түрдүүлүк жана айырмалоочу белгилер адамдын конкреттүү ишмердүүлүгүндө, бири-бири менен өз ара аракеттенип, баарлашуусунда негизги сапатка – инсандын биримдүү бүтүндүгүнө алып келет» [1, 622-б.].

Окумуштуунун концепциясы боюнча, тилдик окутуудагы методикалык чечимдердин (окуу куралдары, ык-усулдар, окутуу технологиялары ж.б.) баары студенттин инсандык дүйнөсүнө таянышы керек – башкача айтканда, анын муктаждыктарына, кызыкчылыктарына, умтулууларына, жөндөмдүүлүктөрүнө, ошондой эле интеллектуалдык жана башка психологиялык өзгөчөлүктөрүнө негизделиши зарыл.

Ошол эле учурда С. Л. Рубинштейн бул маселенин экинчи маанилүү тарабын да белгилейт: «...эгер окутууда жеке инсандык аспект гана эске алынса, анда тилди өздөштүрүү процессиндеги психикалык ишмердүүлүктүн мыйзамдарын, ошондой эле адамдын иш-аракетин, жүрүм-турумун иликтөө көңүлдөн тышкары калышы мүмкүн. Ошондуктан, тилди үйрөнүүнүн экинчи зарыл аспектиси – бул «ишмердүүлүк аспектиси» болушу керек» [1, 248-б.].

А. Н. Леонтьевдин (1983) эмгектеринде ишмердүүлүк теориясы жана аны изилдөөнүн методдору кеңири чагылдырылган. Бул теориянын негизги принциптери иш-аракеттин объективдүү дүйнөсүн, анын мотивдерин, уюштурулуш структурасын (максаттар, каражаттар, ыкмалар, технологиялар жана натыйжалар) аныктоого багытталган.

Жалпылап айтканда, инсандык-ишмердүүлүк мамилеси окутуу процессинде окуучунун чыгармачыл жөндөмдүүлүгүн ачууга жана өнүктүрүүгө, анын жеке кызыкчылыктары менен жөндөмдүүлүктөрүн, ошондой эле аны курчаган турмуштук контексттеги маани-баалуулуктарды эске алуу менен, студентти максаттуу жана мотивациялуу билим алуу ишмердүүлүгүнө багыттоого негизделет.

Чет тилин үйрөнүүгө мындай мамиле жасоонун өзү студенттин келечектеги кесиптик ишмердүүлүгү үчүн зарыл болгон билим-көндүмдөрдү ишке ашырууга мүмкүндүк бере турган сабакты уюштуруунун эффективдүү ыкмасын камсыз кылат.

Москва мамлекеттик лингвистикалык университетинде кыргыз тилин экинчи чет тили катары окутуу. Жогоруда айтылган ойлорду улантып, Москва мамлекеттик лингвистикалык университетинде (ММЛУ) кыргыз тилин окутуунун практикасы кандайча уюштурулган деген суроонун тегерегинде сөзүбүздү улантабыз.

Москва мамлекеттик лингвистикалык университети 2000-жылдан тартып, КМШ өлкөлөрүнүн тилдери жана маданияты боюнча Базалык уюм макамын алгандан бери, жыйырма жылдан ашык убакыт ичинде алгачкылардан болуп, КМШ жана жакынкы чет өлкөлөрүнүн билим берүү мейкиндигинде ийгиликтүү иш алып барууда.

Азыркы учурда ММЛУда 40тан ашуун дүйнөлүк тил, анын ичинде тогуз КМШ жана жакынкы чет өлкөнүн тили окутулат: азербайжан, армян, грузин, казак, кыргыз, румын, тажик, өзбек жана украин тилдери. Бул тогуз тилдин катарында төртөө түрк тилдерине таандык, алардын бири – кыргыз тили – экинчи чет тили катары жыйырма жылдан ашык убакыт бою расмий түрдө окутулуп келет.

Бул көрүнүш кыргыз тилинин тарыхында, ошондой эле аны чет тили катары окутуунун методикасынын өнүгүшүндө өзгөчө орунду ээлейт. Анткени кыргыз тили биринчи жолу Россиянын жогорку окуу жайында, тактап айтканда ММЛУда, университеттин окуу планына расмий киргизилип, бакалавриаттын биринчи курсунан төртүнчү курсуна чейин, ошондой эле магистратурада (эки жыл)

негизги дисциплина катары окутулууда. Аймак таануу, котормо, саясат таануу багыттарындагы келечектеги адистер биринчи чет тил катары европа тилдерин (мисалы, англис же немец тилдерин), ал эми экинчи чет тил катары кыргыз тилин өздөштүрүшөт.

Москва мамлекеттик лингвистикалык университетинде кыргыз тили чет тили катары инсандык-ишмердүүлүк жана коммуникативдүү принциптерге негизделип, заманбап санариптик технологиялардын кеңири мүмкүнчүлүктөрү менен окутулууда. Окутуу процесси Чыңгыз Айтматов атындагы Кыргыз тили жана маданияты борборунда «...маданият аркылуу тил, тил аркылуу маданият» деген концепциянын [10, 14-б.] негизинде уюштурулган. Борбор тил үйрөнүүчүлөргө кыргыз тилин жана маданиятын терең үйрөнүү үчүн зарыл болгон бардык заманбап окуу куралдары, методикалык материалдар жана технологиялык шарттар менен жабдылган.

Тилдик чөйрөнү түзүү жана мотивацияны күчөтүү максатында сабактан тышкаркы иш-чаралар активдүү түрдө өткөрүлөт. Алардын катарына санариптик платформалар аркылуу уюштурулуучу илимий-практикалык конференциялар, онлайн-семинарлар, виртуалдык тегерек столдор жана Кыргызстан менен Россиянын белгилүү окумуштуулары, жазуучулары, маданий ишмерлери менен жолугушуулар кирет. Бул иш-чаралар көбүнчө Кыргыз Республикасынын Элчилиги, диаспора уюмдары, Кыргызстандагы өнөктөш университеттер жана эл аралык уюмдар менен биргелешип уюштурулуп, студенттерге тилдик тажрыйбасын өркүндөтүү жана Кыргызстанга саякаттоо мүмкүнчүлүктөрүн ачууга багытталган.

Натыйжада, ар бир студент жогорку деңгээлде билимдүү, жоопкерчиликтүү жана өз өлкөсүнүн маданий байлыгын түшүнгөн адис катары калыптанат. Университеттин бүтүрүүчүлөрү эки чет тилди (англис/немис жана кыргыз) эркин өздөштүрө алышат, бул аларга ички жана эл аралык эмгек рыногунда айырмачылыктуу артыкчылык берүү менен бирге, башка түрк тилдерин тез түшүнүүгө жана үйрөнүүгө негиз түзөт.

КМШ жана жакынкы чет өлкөлөрүнүн тилдери жана маданияты кафедрасынын ММЛУда ачылышы — чет тилдик билим берүү тармагындагы маанилүү окуя. Аталган кафедра КМШ аймагында азырынча ачылган биринчи кафедра жана анда жогоруда аталган тогуз тил: азербайжан, армян, грузин, казак, кыргыз, румын, тажик, өзбек жана украин тилдери окутулат. Кафедранын ачылышы белгилүү бир аймактын тилдерин жана маданияттарын системалуу изилдөө жана окутуу боюнча маанилүү илимий-методикалык борборду түзүү зарылдыгынан улам келип чыккан.

Дал ушул кафедрада кыргыз тили экинчи чет тили катары окутулуп, бул багытта кеңири спектрдеги окуу программалары иштелип чыгууда. Алар жалпы билим берүү программаларынан тартып, ар кандай багыттагы кошумча окуу программаларына, адистештирилген кошумча курстарга чейин созулуп, дипломдук жана магистрдик илимий иштердин жазылышына түздөн-түз түрткү берет. Албетте, бул КМШ тилдерин, анын ичинде кыргыз тилин окуп үйрөнүүнү жалпы академиялык жана илимий изилдөө контекстине кошуп, макамын жогорулатат.

Кафедранын маанилүү иш-аракеттеринин бири — окутууну заманбап талаптарга ылайыкташтыруу. Тил үйрөнүүчүлөрдүн жеке кызыкчылыктарын, когнитивдүү жөндөмдүүлүктөрүн жана мансаптык көздөгөн максаттарын терең эске алуу менен, ар түрдүү окуу программалары жана окуу-методикалык куралдар иштелип чыгууда. Бул материалдарга санариптик технологиялардын жетишкендиктери, мисалы, интерактивдүү платформалар, виртуалдык чөйрөлөр, аутенттик аудио-видео контенттер активдүү киргизилген.

Ошентип, КМШ жана жакынкы чет өлкөлөрүнүн тилдери жана маданияты кафедрасы жөн гана тилдик сабак өткөрүүчү бөлүм эмес, инновациялык окутуу ыкмаларын, индивидуалдаштырылган билим берүү жолдорун жана маданий диалогду өнүктүрүүчү динамикалуу борбор катары калыптанууда. Бул жерде студенттер КМШ тилдеринин, анын ичинде кыргыз тилинин грамматикасын гана эмес, тил аркылуу бүтүн бир дүйнө таанымын — Кыргызстандын тарыхын, коомун, адабиятын жана казыналуу салттарын өздөштүрүп, эл аралык көз караштуу жана эки же андан көп тилдүү адис катары өсүп чыгууда.

Азыркы учурда бул кафедрада КМШ тилдерин, алардын катарында кыргыз тилин үйрөнүү багытындагы ар кандай окуу программалары жана кошумча окуу-методикалык материалдар иштелип чыкты.

Жалпы билим берүү программалары

– Экинчи чет тили (кыргыз тили);

– Экинчи чет тилинин практикалык курсу (кыргыз тили);

– Эл аралык баарлашуу тили болгон өлкөнүн тарыхы, географиясы жана маданияты (кыргыз тили);

– Кесиптик баарлашуу маданияты боюнча практикум (кыргыз тили).

Кошумча билим берүү программалары

1. Интенсивдүү курс (үзгүлтүксүз жана аралыктан окутуу):

– Кыргыз тили чет тили катары (баштапкы деңгээл);

– Кыргыз тили чет тили катары (негизги деңгээл).

2. Сырттан окуу курсу (дистантык билим берүү):

– Кыргыз тили (баштапкы деңгээл);

– Кыргыз тили (негизги деңгээл).

Кесиптик кайра даярдоо үчүн кошумча билим берүү программасы (үзгүлтүксүз жана аралыктан окутуу):

1. Чет тилдерин жана маданиятын окутуу (кыргыз тили):

– Чет тилинин практикалык курсу;

– Чет тилинин оозеки баарлашуу маданияты практикуму;

– Чет тилинин теориясынын негиздери;

– Кесиптик педагогикалык баарлашуу практикуму;

– Тил таануу жана аймак таануу.

2. Евразия мейкиндигиндеги компаниялардын ишмердүүлүгүн уюштуруучулук жана лингвистикалык жактан колдоо (кыргыз тили).

Кыргыз тилинин билим деңгээлин баалоо тести. Тил үйрөнүү – көп жылдык тажрыйбаны талап кылган татаал процесстин натыйжасы. Көптөгөн адамдар кыргыз тилинде эркин сүйлөө, окуу жана түшүнүү үчүн лексика менен грамматикага көп убакыт жана күч жумшайт. Бирок жетишкендиктерди объективдүү баалоо, бир нече жылдык ийгиликтүү тажрыйбадан кийин да, көп учурда кыйынчылыктарды туудурат.

Дал ушул маселенин чечимин табуу үчүн стандартташтырылган кыргыз тилинин билим деңгээлин баалоо тести иштелип чыкты. Анын башкы милдети – тил үйрөнүүчүгө өзүнүн күч-аракетинин натыйжасын ачык көрсөтүү жана кийинки этапта өнүгүүнүн натыйжалуу стратегиясын түзүүгө жардам берүү. Тест билимдин учурдагы абалын гана аныктоо менен чектелбей, андан ары кандай темаларда жана кандай деңгээлде (башталгыч, орто, жогорку) жакшыртуу керектигин көрсөтөт, ошондуктан ал жеке өсүү жол картасынын милдетин аткарат. Ошондой эле бул тест кесиптик мааниге да ээ. Азыркы глобалдашкан эмгек рыногунда иш берүүчүлөр кесипкөй адистерди издөөдө талапкердин чет тилди билүү деңгээлин расмий ырастоону талап кылышат. Кыргыз тилинин билим деңгээлин тастыктаган сертификат – бул кесиптик жактан атаандаштыкка жарамдуулукту көрсөтүүчү маанилүү документ.

Ошентип, бул тест системасы эки негизги функцияны аткарат:

– диагностикалык жана өнүктүрүүчү: өзүн-өзү баалоо жана билим берүү процессин индивидуалдаштыруу үчүн курал катары;

– сертификациялоочу жана кесиптик: эмгек рыногунда билимдин сапатын расмий ырастоо жана мансаптык өсүүнү колдоо үчүн расмий документ катары.

Натыйжада, мындай стандартташтырылган баалоо системасынын киргизилиши кыргыз тилин үйрөнүүчүлөрдүн мотивациясын жогорулатат, тилдик сабаттуулуктун жалпы деңгээлин көтөрөт жана кыргыз тилинин эл аралык баарлашуудагы макамын бекемдейт.

Кыргыз тили боюнча окуу куралдары. Москва мамлекеттик лингвистикалык университети кыргыз тилин КМШ аймагынын башка тилдери менен катар, экинчи чет тил катары окутуунун уникалдуу борбору болуп саналат. Окутуу процесси табигый тилдик чөйрөдөн алыс жүргүзүлгөндүктөн, студенттер тил аркылуу тааный баштаган кыргыз маданиятынын өзгөчөлүктөрүн, коомдук чындыгын жана салттарын түшүнүүдө ар кандай кыйынчылыктарга, түшүнбөстүктөргө туш болушат.

Бул көрүнүштөрдү жеңүүнүн негизги стратегиясы – окуу материалдарынын терең мазмунунда жатат. Салттуу диалогдор, тексттер менен көнүгүүлөрдүн чегинен чыгып, бул материалдардын окулуп жаткан элдин тарыхый мурасына, коомдук турмушуна, каада-салттарына жана заманбап жашоо өзгөчөлүктөрүнө таянышы натыйжалуу болот. Тилди маданияттын күзгүсү жана маданий коддорду чечүүнүн ачкычы катары кароо кыргыз тилин окутуунун өзөгүн түзөт.

Ушул принциптердин негизинде ММЛУда кыргыз тили боюнча алгачкы окуу китептери иштелип чыкты. Бул маанилүү иш Кыргызстандагы жогорку окуу жайлардын адистери менен тыгыз өнөктөштүктө, ошондой эле тил үйрөнүп жаткан студенттердин өздөрүнүн түздөн-түз катышуусу менен жүзөгө ашты. Студенттердин жеке тажрыйбасына, баалоосуна негизделген тексттер жана сүрөттөр окуу куралдарынын ажырагыс бөлүгүнө айланды. Ушундай интерактивдүү жана катышуучу ыкма студенттерди процесстин пассивдүү кабыл алуучусу эмес, активдүү катышуучусуна айландырып, алардын мотивациясын жана тилге болгон жоопкерчилигин айтарлыктай күчөттү.

Натыйжада, ММЛУнун жана Кыргызстандын окумуштууларынын биргелешкен аракетинин жемиши катары кыргыз тили боюнча бир катар окуу китептери иштелип чыгып, илимий-окуу жамааттарына сунуш кылынды. Алардын тизмеси төмөнкүлөрдү камтыйт:

– Кыргыз тилинин практикалык курсу (2008);

– Сүйлөө маданияты: кыргыз сүйлөө маданиятынын негиздери (2010);

– Оозеки сүйлөө көндүмдөрүн өнүктүрүү үчүн көнүгүүлөр (2012);

– Кыргыз тили жана маданияты (2008);

– КМШ өлкөлөрү үчүн кыргыз тили (2012);

– Сүйлөө маданияты боюнча практикум (2017);

– Кыска кыргызча-орусча идеографиялык сөздүк (2020);

– Кыргыз тилинин лексикологиясы (2021);

– Кыргыз Республикасы: тарых, экономика, маданият, география (2022);

– Кыргыз тилинин экинчи чет тили катары теориялык жана практикалык курсу. 1-бөлүк (2022);

– Кыргыз тилинин экинчи чет тили катары теориялык жана практикалык курсу. 2-бөлүк (2022) ж.б.

Социалдык-маданий-билим берүү долбоорлору. Ошондой эле кыргыз тилин окутуу практикасы студенттерди ар кандай социалдык, маданий жана билим берүүчү долбоорлорго активдүү тартууну өз ичине камтыйт. Учурда эки чоң көлөмдүү долбоор иш жүзүндө ишке ашырылууда.

Биринчиси – «Кыргыз тилин Москва мамлекеттик лингвистикалык университетинде кыргыз атуулдарына окутуу» аттуу долбоор. Ал төмөнкү негизги милдеттерди көздөйт:

– Эне тилин сактоо жана өнүктүрүү: Россияда жашап жаткан кыргыз жарандарынын балдары үчүн алардын эне тили – кыргыз тилин кесиптик багытта системдүү окутуу.

– Маданий мурасты үйрөнүү жана тилдик чөйрө түзүү: ММЛУда кыргыз маданиятын кеңири жайылтуу максатында дүйнөлүк маданий мурас болуп саналган Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгын терең изилдөөгө багытталган атайын курстарды иштеп чыгуу жана өткөрүү.

– Заманбап окуу технологияларын киргизүү: окутуу процессин натыйжалуу жана кызыктуу кылуу үчүн мультимедиалык окуу куралдарын түзүү жана колдонуу.

– Эл аралык академиялык өнөктөштүктү бекемдөө: заманбап билим берүү программаларын иштеп чыгууда Кыргызстандын жогорку окуу жайлары менен тармактык кызматташтыкты өнүктүрүү.

– Биргелешкен билим берүү программаларын ишке ашыруу: Кыргызстандын ЖОЖдору менен бирдикте максаттуу окуу программаларын уюштуруу.

Экинчи ири долбоор – «Айтматов окуулары: Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгынын КМШ маданий мейкиндигинде жана дүйнөлүк адабияттагы ролу» аттуу Эл аралык илимий форуму. Бул форумдун башкы максаттары:

– Академиялык жана маданий көпүрө түзүү: Кыргызстан менен Россиянын ортосунда туруктуу илимий, гуманитардык жана маданий байланыштарды орнотуу жана чыңдоо.

– Элдик дипломатияны өнүктүрүү: эл аралык мамилелерди маданият жана билим аркылуу жандандыруу.

– Адабий мураска кызыгууну ойготуу: көркөм адабиятка, айрыкча Ч. Айтматовдун дүйнөлүк мурасына көңүлдү жана суроо-талапты көбөйтүү.

– Тилди сүйлөштүрүүчү күч катары бекемдөө: кыргыз жана орус тилдерин эл аралык маданий жана интеллектуалдык диалогдун тили катары кеңири жайылтуу.

Мындай иш-чаралар жалпысынан тил үйрөнүүчүлөрдүн тилдик билимдерин практикада пайдалануусуна, ошондой эле эки элдин ортосундагы маданий жана интеллектуалдык диалогду тереңдетүүгө көмөк кылат.

Корутунду. Жыйынтыктап айтканда, Москва мамлекеттик лингвистикалык университетинде кыргыз тилин чет тили катары окутуунун жалпы системасы жогоруда сүрөттөлгөн негизги принциптерге таянат. Бул иш-аракеттердин өзөгүн инсандык-ишмердүүлүк мамилеси түзөт, ал тил үйрөнүүчүнү жөн эле кабыл алуучу эмес, билим алуу процессинин активдүү субъектиси, өзүн-өзү ишке ашыруучусу катары карайт. Демек, инсандык-ишмердүүлүк мамилеси:

– индивидуалдаштырылган жана максаттуу ыкма: окутуу адистик жана жеке максаттарды эске алуу менен уюштурулуп, ар бир студенттин кызыкчылыктары, муктаждыктары жана мансаптык перспективалары процесске түздөн-түз таасир этет;

– тил менен маданияттын ажырагыс биримдиги: кыргыз тилинин грамматикасы менен лексикасы маданий контексттен бөлүнбөстөн, «маданият аркылуу тил, тил аркылуу маданият» деген принцип менен окутулат. Бул тилдик коддор менен бирге маданий коддорду чечүүгө багытталган;

– санариптик жана интерактивдүү технологияларды интеграциялоо: окутуу процесси мультимедиа куралдары, онлайн-платформалар жана виртуалдык чөйрөлөр менен байытылып, табигый тилдик чөйрөнүн жоктугун толуктап, мотивацияны күчөтөт;

– практикалык жана долбоордук иш-аракеттерге багытталуу: студенттер ар кандай илимий-методикалык долбоорлордон эл аралык илимий конференцияларга чейинки иштерге тартылып, өз билимдерин реалдуу кырдаалдарда сынап, эл аралык диалогго катышат.

Ошентип, ММЛУдагы тажрыйба көрсөткөндөй, КМШ тилдерин, анын катарында кыргыз тилин чет тили катары ийгиликтүү окутуу – бул жөнөкөй лексика-грамматикалык билим берүү эмес. Бул – инсанга багытталган комплекстүү билим берүү модели. Ал студенттердин чыгармачыл жөндөмдүүлүгүн ачууга, алардын жеке жана кесипкөй өсүшүн колдоого, ошол эле учурда тилди маданияттын, тарыхтын жана коомдук чындыктын ажырагыс бөлүгү катары түшүндүрүүгө умтулат. Натыйжада, университет кыргыз тилин жана маданиятын терең билген, эки же андан көп тилдүү, эл аралык көз караштуу адистерди даярдап чыгарууга жетишет. Мындай көрүнүш башка аймактык тилдерди окутуу үчүн да үлгү боло алат, анткени ал тилдик билим берүүнүн маанилүү өзөгүн чагылдырат: тил – бул коммуникациянын гана эмес, өзгөчө дүйнө таанымын түзүүнүн, келечектеги өнөктөштөр арасындагы диалогду бекемдөөнүн куралы.

Колдонулган адабияттар

1. Абдырахманов Т. А., Хулхачиева Ж. С. Кыргыз Республикасы: тарых, экономика, маданият, география. – Москва: Москва мамлекеттик лингвистикалык университети, 2022.
2. Байтерекова Ж. С. ж.б. Кыргыз тилинин практикалык курсу: окуу куралы. – Москва: Рема, 2009.
3. Байтерекова Ж. С. Кеп маданияты: Кыргыз тилинин сүйлөө маданиятынын негиздери: окуу куралы. – Москва: Рема, 2010.

4. Байтерекова Ж. С. ж.б. «Лингвапарк» мультимедиялык аудиториясында иштөө үчүн оозеки сүйлөө көндүмдөрүн өнүктүрүү боюнча көнүгүүлөр: ММЛУнун кыргыз тилин чет тили катары үйрөнүп жаткан студенттери үчүн методикалык колдонмо. – Москва: ММЛУ, 2012.
5. Байтерекова Ж. С. ж.б. КМШ өлкөлөрү үчүн кыргыз тили: окуу китеби. – Москва: Рема, 2012.
6. Биялиев К. А. Жогорку окуу жайларында кыргыз тилин башка улуттарга окуу ыкмалары. – Бишкек, 2002.
7. Добаев К. Д., Асанакунов Т. А. Кыргыз тилин өзгөтил катары окутуу методикасынын айрым маселелери. – Бишкек, 2006.
8. Леонтьев А. Н. Тандалган психологиялык эмгектер: II том. – М.: Педагогика, 1983.
9. Леонтьев А. Н. Психология философиясы: илимий мурастардан. – М.: Москва университетинин басмасы, 1994.
10.Пассов Е. И., Кузовлева Н. Е. Чет тилдерин окутуунун коммуникативдик теориясынын жана технологиясынын негиздери: методикалык колдонмо. – Москва, 2010.
11.Рубинштейн С. Л. Жалпы психология негиздери. – Москва, 1989.
12.Хулхачиева Ж. С. ж.б. Кыргыз тилин экинчи чет тили катары окутуунун теориялык жана практикалык курсу: окуу куралы: 2 бөлүктөн. – Москва: Москва мамлекеттик лингвистикалык университети, 2022–2025.
13.Хулхачиева Ж. С. ж.б. Кыска кыргыз-орус идеографиялык сөздүгү. – Москва, 2020.
14.Хулхачиева Ж. С. Кептик баарлашуу маданияты боюнча практикум. Кыргыз тили: окуу куралы. – Москва: Социум, 2017.

Рецензент: педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Сарылбекова З.

УДК 81-13 (575.2) (04)
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-300-306

Шабданова Г.О., Сейитказиева Т.М.
К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университети
Шабданова Г.О., Сейитказиева Т.М.
Бишкекский государственный университет имени К. Карасаева
Shabdanova G.O., Seyitkaziyeva T.M.
K. Karasaev Bishkek State University

ORCID 0009-0001-9138-4585

БӨТӨН ТИЛДҮҮЛӨРГӨ КӨРКӨМ ТЕКСТТЕР МЕНЕН ИШТӨӨНҮН АЙРЫМ ЫКМАЛАРЫ
НЕКОТОРЫЕ МЕТОДЫ РАБОТЫ С ХУДОЖЕСТВЕННЫМИ ТЕКСТАМИ ДЛЯ ИНОЯЗЫЧНЫХ
SOME METHODS OF WORKING WITH LITERARY TEXTS FOR NON-NATIVE SPEAKERS

Кыскача мүнөздөмө: Бул макалада тилди бөтөн тилдүүлөргө үйрөтүүдө көркөм тексттерди колдонуунун мааниси жана алар менен иштөөнүн айрым ыкмалары тууралуу сөз болот. Көркөм адабият жаралгандан тартып сөз искусствосу болуп келгендиктен, образ жаратуудагы анын негизги каражаты - элдин тили, улуттун тили, тагыраак айтканда, адамдардын бири-бири менен баарлашууда колдонгон тили. Көркөм адабияттын тили адабий тилдин эң жакшы сапаттарын жана үлгүлөрүн өзүнө камтыйт. Ошондуктан көркөм текст тилдин бардык деңгээлдерин бириктирип, студенттердин